
5. Жаш муундарда улуттук аң сезимди калыптандыруунун көйгөйлүү маселелери (статья) И. Арабаев ат. КМУнун ЖАРЧЫСЫ 2012. – С. 264-266



И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ
МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ

ЧЫГАРЫЛЫШЫ: 2 (2012)

Серия: педагогика жана психология

## Ишенаалы Арабаевдин 130 жылдыгына арналган «Маданият жана билим берүүдө агартуучулардын мурастары жана алардын заманбаптуулугу» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция

Жарыяланган макалалардын бардыгы эле редакциянын көз карашын билдирбейт. Чыккан материалдар Улуттук Аттестация комиссиясы тарабынан илимий макала катары кабыл алынат.

Журнал Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинен каттоодон өткөн.

Журнал Кыргыз Республикасында жана КМШ өлкөлөрүндө таркатылат.

ISBN 1654–5611

Дареги: Бишкек
шаары, Раззаков
көчөсү, 51
Тел.: 66–39–90
«Maxprint» басмаканасында
басылды.

**Башкы редакциялык коллегия:**

1. **Абдырахманов Т.А.** – т.и.д., профессор, башкы редактор
2. **Каниметов Э.Ж.** – ф.и.к., доцент
3. **Конурбаев Т.А.** – пс.и.к., доцент

**Редакциялык коллегиянын мүчөлөрү:**

1. Калдыбаева А.Т. – п.и.д., профессор
2. Акиева Г.С. – п.и.д., профессор
3. Байсалов Дж.У. – п.и.д., профессор
4. Мусаев С.Ж.– ф.и.д., КР УИА мүчө-корр.
5. Чодураев Т.М. – геогр. и.д., профессор
6. Чоров М.Ж. – п.и.д., профессор
7. Токсонбаева Э.Т. – п.и.к., доцент

**Педагогика сериясынын редакциялык коллегиясы:**

1. Сманбаев О.А. – п.и.к., доцент
2. Пак С.Н. – п.и.к., доцент
3. Эсенгулова М.М. – п.и.к., доцент

Салыков С.С., Джапарова С.Н., Макеева С.А. Тендештиктерди окутуунун жаңы технологиялары ........ 211

Сатыбалдиев К.С. Мектептерде физика предмети боюнча класстан тышкаркы иштердин мааниси ........ 213

Сияев Т.М., Байматов Н.Б. Физика предметин гумандаштыруунун негиздери ........ 215

Сулайманова Ж.Н. Технологическая подготовка будущих учителей технологии и предпринимательства ........ 218

Султанова Г.К. Формирование коммуникативной компетенции на уроках русского языка. ........ 220

Темирова А.К. Жизненный цикл и языковые средства в информационных системах ........ 222

Темирова А.К., Чокморов М. Ж. Компьютерная графика в современных информационных системах ........ 225

Токсомбаева Э. Т., Молдокунова Н. Компетентностный подход – основа подготовки к педагогической деятельности ........ 229

Шестель В.В. Преподавание экономической грамотности в средней школе как элемент инновационного развития образования ........ 231

Шестель В.В. Активные формы и методы обучения как инновационный аспект образования ........ 233

Шупик Т.И. Учебно-исследовательская деятельность как сфера формирования экологической компетентности ........ 236

Эмилбек уулу Айбек Окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү көнүгүүлөр системасын түзүү ... 239

**СЕКЦИЯ 4**

**МЕКТЕПТИН ЖАНА МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН АКТУАЛДУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ**

**АКТУАЛЬНЫЕ ПРОБЛЕМЫ ШКОЛЬНОГО И ДОШКОЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ**

Абдраева.Н.Э. Тоголок Молдонун балдарга арналган чыгармаларынын тарбиялык мааниси ........ 242

Абдраева Н.Э. Т.Кожомбердиев –балдардын дил азыгы ........ 244

Абдухамидова Б.А. Окуу китептеги сүрөттөр менен иштөө аркылуу окуучулардын сөзүн өстүрүүнүн жолдору ........ 247

Алиева Д.Ш. Система условий для активизации творческой деятельности учащихся ........ 249

Аман кызы Бакытгүл Жазуу жумуштарынын окуу программаларында, окуу китептеринде берилишиндеги айрым маселелер ........ 252

Асанкадырова Г.А. Мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн актуалдуу маселелери .... 254

Асамбекова З.Т. Сравнительно-педагогический анализ валеологической деятельности учителей .... 256

Бегайдарова Р.Н. Экономическое воспитание как основа формирования мировоззрения учащихся общеобразовательных школ ........ 258

Бусурманкулова Ж. Воспитание ответственного отношения к здоровью у школьников общеобразовательных школ ........ 259

Бусурманкулова Ж. Основные направления работы по воспитанию ответственного отношения к здоровью в условиях учебного процесса ........ 262

Жакыпов К.К. Жаш муундарда улуттук аң-сезимди калыптандырууда көйгөйлүү маселелер ........ 264

Жакыпова Б.Ш. Химияны окутууда окуучулардын активдүү ой жүгүртүү иш аракеттерин өнүктүрүү ........ 266

Жолдошова Б.А. Пеагогикалык технологияларды интеграциялоонун негизинде кенже мектеп окуучуларынын креативдүүлүгүн өстүрүү ........ 269

Иманкулова С.Э. Башталгыч класстын окуучуларын тарбиялоодо дидактикалык оюндарды колдонуу ........ 272

Искакова А.Т.Обзор дошкольных образовательных программ в зарубежных странах ........ 275

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

секс. Установлено, что к 15 годам около 60% учащихся пробовали курить (57,9% юношей и 56,8% девушек), а 20,8% юношей и 12,4% девушек курят ежедневно. К 15-летнему возрасту практически все подростки пробовали алкогольные напитки; около половины подростков хотя бы раз испытывали чувство алкогольного опьянения, а 12,9% юношей и 3,8% девушек бывали по-настоящему пьяными более десяти раз [3]. В последние годы в Кыргызстане большое количество подростков приобщается к употреблению наркотиков. Подростки не осознают угрозы, связанные с употреблением наркотиков. Так, около 60 - 65% 15-летних подростков считают, что «употребление слабых наркотиков безвредно для здоровья» [4].

Исследование среди школьников 8 – 10 классов в 2008 году выявило [5]:

- 2,4% опрошенных – один раз в жизни употребляли препараты конопли (марихуаны);
- 0,5% - регулярно (более 40 раз), потребляли марихуану;
- 3,7% - сообщили о пробах ингалянтов;
- 2,4% - один раз в жизни пробовали другие наркотики, кроме препаратов конопли.

Проблема здоровья школьников особенно стала актуализироваться с появлением классно-урочного стандартно-нормативного подхода в педагогике. Отвечая на требования научно-технической революции и постоянно наращивая объем и интенсивность учебных нагрузок, школа все больше обостряла проблему их переносимости, превращаясь в «больную школу» .

В то же время на всех этапах становления современной школы существовал интерес к вопросам сохранения, укрепления здоровья учащихся и воспитания ответственного отношения к нему. И если вначале этот интерес в большей мере проявлялся со стороны узких специалистов, то в настоящее время инициатива сохранения здоровья принадлежит системе образования.

*Литература:*


1. Обобщение опыта/ И.В.Журавлева, 2006г.С-2
2. Здоровье населения и деятельность организаций здравоохранения Кыргызской Республики в 2009 году [Текст] - Бишкек: Министерство здравоохранения Кыргызской Республики; Республиканский медико-информационный центр, 2010. - 316 с.
3. Воспитание: умственное, нравственное и физическое [Текст] / Г.Спенсер - М.: Изд-во: УРАО, 2003. – 288 с.
4. Психологическое здоровье детей и подростков в контексте психологической службы [Текст] - Екатеринбург: Деловая книга, 2000. - 176 с
5. Самая «страшная» глава в учебнике Дистервега, или Как нам построить, наконец, школу для детей, а не против них [Текст] / В.Кумарин // Народное образование. – 2001. - № 1. - С. 20 – 28
6. Новое направление детских профилактических программ - детское движение в защиту здоровья [Текст] / Л.В.Баль // Школа здоровья. – 1998. - № 1. - С. 17 - 22.


## Жаш муундарда улуттук аң-сезимди калыптандырууда көйгөйлүү маселелер


***Жакыпов К.К.,***

*И.Арабаев атындагы КМУнун КМБББФнын*
*Музыка кафедрасынын доценттин м.а.*


Тарых-таржымалы тереңге кеткен кыргыз эли улут болуп калыптануусу үчүн узак сапар жол баскан байыркы элдердин катарына кирери окумуштуу изилдөөчүлөр тарабынан улам далилденген сайын учу-кыйыры алыстап бара жатат.

Учурда жазма жана казма маалыматтар аркылуу тарыхчы-окумуштуулар кыргыз деген эл боюнча алгачкы маалыматты 5000 жылдан ары карай пайда болгондугу тууралуу айныксыз далилдер менен белгилеп жатышат.

Ал эми ошол элдин эл болуп калыптануусу үчүн эң негизги таяныччары болгон тили, дили, дини, маданияты, улуттук каада-салты боюнча жазма булактар менен катар эле элибиздин оозеки чыгармачылыгында да дүйнөлүк руханий мурастар ичинде теңдешкис деңгээлге өсүп жеткен Манас эпосубуз менен катар төкмөчүлүк өнөрүбүз, санат-насаат ырларыбыз, макал-лакаптарыбыз, жөө жомоктор, табышмактар, жаңылтмачтар ж. б. учурда элибиз менен катар улам жаңыланып жашоо кечирүүдө.

Бүгүн биз жаш муундардын арасында улуттук аң-сезимдин калыптануусу үчүн көрүлүп жаткан чаралар жана көйгөйлүү маселелер тууралуу ой бөлүшмөкчүбүз.

Элибиздин соңку жаңы тарыхына кирген Совет бийлигинин 70 жылдык мезгилинде коммунистик партиянын идеологиясына ылайык анын устав программаларына дал келбеген кандай руханий, материалдык дөөлөттөр болсо да эскинин калдыгы, улутчулдук катары жашоо-тиричилигибизден жок кылуу аракеттери көрүлгөнү баарыбызга маалым.

Ал учурда «совет эли» деген жалпы журт болуу үчүн далбас урган саясаттын кесепетинен көптөгөн майда этностор тили-дилинен айрылып, «улуу улуттардын» курамына сиңип кеткен. Мындай шолордун ичинде кыргыз эли да материалдык жана моралдык жактан жетишилген көптөгөн ийгиликтерине карабастан кылымдардан калыптанган эне тил, улуттук каада- салт, маданият, тарыхы баштаган көптөгөн руханий байлыктарынан көз көрүнө кол жууй баштаган эле.

Андан кийин мамлекетибиз экономикалык тутуму капиталистик маанайда түзүлгөн рыноктук мамилелерге ыңгайлашкан системага киргени, алдыңкы планга материалдык байлык суурулуп чыккан шартта, коомдо жашаган ар бир инсандын негизги максаты кандай жол менен болсо да материалдык байлык жыйноо жана анын арты менен саясий күч топтоо аркылуу бийликке жетүү жана бийликке таянуу менен кайрадан эле байлык жыюу көз карашынын каптап кирүүсүнүн натыйжасында ата-бабабыздан келе жаткан руханий дөөлөттөрүбүз урпактарыбыз тарабынан унутта калган тармакка айланды. Мындай көз караштын ийгиликтүү жүзөгө ашуусу үчүн тамырды тымызын кесүүчү илдетттүү саясатын жүргүзүп жаткан жөөттөр башында турган батыш жана американын баскынчыл саясатчылары «глобалдашуу» деген чүмбөттүн артында ар бир минутасын текке кетирбей иш алып барышууда. Алардын эмгегинин натыйжасы катары - СССРдин урашы, КМШ мамлекеттеринин бөлүнүп жарылуусу, ар бир мамлекетти шаң менен каптап кирип, «демократия» деген кой терисин жамынган, өлкөдө хаос жана баш аламандыкты жайылткан саясий система, жакырчылык, улуттар арасында араздашуулар ж. б. айтууга болот.

Мына ошол СССР доорунда башталып, эгемендүүлүк шартында уланып жаткан улуттук кызыкчылыкты жокко чыгаруу саясаты биздин улуттук тилибиздин жоюлуп кетүүсү үчүн чоң программада иш жүргүзгөн. Экинчи эне тилибиз катары «улуу агабыздын» энесинин тилин, экинчи энебиздин тили - биздин келечектин тили катары кабыл алуубуз жана анын эгемен учурда расмий тил катары конституциялык укук алуусу ансыз да итий оорусуна чалдыккандай ирмийип турган акыбалы алда канча начар тилибиздин биротоло жер жүзүнөн эли менен кошо жок болуусуна шарт түзүп олтурат

Бул багытта жакында эле ММКда жарык көргон КР мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Рыскелди Момбековдун: «Кыргыз тили жалгыз өлбөйт, ал улутун учкаштыра кетет»,- деген статиясында көргөзүлгөн көйгөйлүү проблемалар ар бир кыргызды ойлонтуучу маселе. Кыргыз элинин эртеңки келечеги тууралуу кооптуу жоромолдор улам барган сайын далилдүү айтыла баштаган кезде коомчулуктун, өзгөчө кыргыз интеллегенциясынын алдында турган бөлөк иштин бардыгы экинчи планга жылдырылуусу зарыл деп эсептейбиз.

Ар бир улуттун тили анын улуттук эн белгилеринин негизгилеринен. Ал эми тилден айрылуу анын улут катары жок болуусунун бирден бир себеби экендиги айныксыз аксиома.

Тил аркылуу адамдар арасында карым-катнаш жүргүзүлөт, тил аркылуу келечек муундар тарбияланат. Учурда өз ара байланыш куралы катары жогорку чиновниктер, интеллегенция, борборубуз Бишкекте жана орус тилдүү улуттун өкүлдөрү отурукташкан аймактарда негизинен орус тилинин пайдаланылуусу менен мамлекеттик тил статусу кагаз жүзүндө гана жашоо кечирип, акыркы күндөрүн көрүп жаткандай элес калтырууда.

Ал эми билим берүү системасында мамлекеттик тилди үйрөнүү жана үйрөтүүгө болгоң мамиле айрымдар айтып жүргөндөй «мышык ыйлаган» деңгээлге жеткен. Бөтөн тилде тарбия алып, улуттук уюткудан ажырап калган урпактарга тарбия берүүдө абалтан келе жаткан өз эне тилиндеги сөз касиетинин таасири күчүн жоготору шексиз. Ошонун кесепетинен «Чучукка жетчү сөз айтсаң чукуранбас аңкоо бар» демекчи айтылган сөз маанисине терең түшүнбөгөн жаштар өсүп жатса андан эмне деген таасир алат деп күтмөк элек.

Учурда «ааламдаштыруу» саясатынын талаптары дейбизби же турмуштук зарылчылыктан уламбы компьютерлешүү, интернет тармагына туташуу сыяктуу жаңылыктар жаштарыбызды турмуштук маалыматтарды компьютерден же массалык маалымат каражаттарынан алуусу, алардын китеп дүйнөсүнөн четтеп кетүүсүнө түртүп, китеп окуу муктаждыгы сыртка сүрүлүп чыга баштады.

Көпчүлүк жаштар көркөм адабиятты көрбөгөнүнө көп болгондугун учурдун негизги көйгөйлүү маселеси катары айтсак болот. Жаштардын китеп окубай калуусуна түрлүү себептерди айтып жүрөбүз. Алардын арасына бүгүнкү күндүн баалуулуктарынын кескин өзгөрүп кеткендиги, учур талаптарына ылайыктуу көркөм адабияттын жаралбай жаткандыгы, анча –мынча жарыкка чыгып жаткандары деле күнүмдүк талапка байланышкан криминал, сойкулук, ж.б. наркы-куну төмөн китептер экендиги белгилүү.

Мына ушундай шартта артка бир кылчайып, ата-бабалардан келе жаткан тарбия-таалимдин таасирдүүсүнөн болгон каймана сөз аркылуу «Уугум сага айтам, уулум сен ук, керегем сага айтам келиним сен ук» деген маанидеги тажрыйбага кайрылсак кандай болор эле.

Бул багытта кыргыз элинде сөздү меселдетип айткан, жаактууга жай бербес далай чечендер, көсөмдөр чыккан. Айтылуу Токтогул ырчы, Көкөтөй чечендер, кийинки эле 19-кылымдын ары жак бери жагында жашап өткөн Арстанбек Буйлаш уулу, Калыгул олуя, Куйручук олуя, Калыгул чечен, Жеңижок баштаган акындар тобу, Көл өрөөнүнөн чыккан акелер: Кыдыр аке, Садыр аке, Мойт аке, Тилекмат аке, Карга бий аке, Сарт аке ж б. кара сөздүн устаттары «Тар кыяга келгенде тартып алар дос кандай, жаакташкан эки элди жайгаштырган сөз кандай» демекчи өз замандарынын көптөгөн маселелерин акылга салып, ,кызыл тилдин күчү менен оймо жөрмөгөндөй кынаптап, ажырашкан ага-тууган арасынын жигин бүтөп, тентегин тескe, эл ичинде ынтымакты жөнгө салып келишти го. Ал учурда «Буттан жыгылган турат, сөздөн жыгылган турбайт»- дешип, «Сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болбойлу» деген принцип менен ар бир уруу ар намысын бийик тутушкан. Ал кездин коомдук тартипти жөнгө салып турган негизги принциптери: «Эл эмне дейт», «уят го» деген түшүнүктөр чийин чийип, ошол алкакта жашоо кечирүүгө ынандырып келген. Мына ошондой адамдардын чечкен маселелери кийинки келечек муундар үчүн үлгү катары айтылып, аларды ошондой окуядан сырт андай терс көрүнүштөргө жол бербей жашоого шыктандырган.

Совет мамлекети кыйрап, эгемен күнгө жеткени батыштан тапкан пайдабыз: «Элдин кандай иши бар», «адам укугу», «ал менин проблемам», ж. б. улуттук кыртышыбызды бузуучу көз караштар кадимкидей калыптанып, ким кандай талкан чайып жатса да ага акыл-насаат айтууга ар ким эле тобокелге баралбай турган заманга капталдык. Андайларды каймана сөз менен катыгын берүү үчүн калкыбыздын көпчүлүгү өз эне тилин билүүсү шарт экен.

Андай маңкурттарга айткан сөзүңдү үч кайталабасаң акыл-сезимине жетүүсү кыйындап бара жатат. Анткени үй-бүлө, мектеп, чөйрө, коомчулук арабөк тилде карым-катнаш кыла баштадык. Учурда техникалык прогресстин натыйжасында шаар менен кыштакта жашоо окшошуп эле бара жатат. Болгон айрымасы: айылдыктар көбүрөөк кыргызча аралаштырып орусча сүйлөйт, шаардыктар азыраак кыргызчасы менен орусча сүйлөшөт.

Жогорудагыдай шартта аста-аста акыл айтып, келечек ээлерин керектүү нукка буруу оңой иш болбой тургандай.

Мисал катары айта кетсек биздин КМББФнын 4-курстары жакында эле шаарыбыздын белгилүү бир орто мектебинде практикада болуп кайтышты. Пед практиканы жыйынтыктоочу боюнча жыйында студенттер айтып жатышпайбы: Биздин деле 11-классты бүткөнүбүзгө 4 жылдын жүзү болду. Бирок ушул эле мезгил аралыгында окуучулардын билимге, мугалимге, айтылган сөзгө болгон мамилеси бир топ өзгөрүптүр, өзгөргөндө да жаман жагына өзгөрүптүр. Сабак учурунда мугалимдин сөзүнө көңүл бурбастан мобилдик телефондо «агент» деген тармакка кирип алышып ойноп олтурушат. Эгерде соткасына телефон чакыруу болуп калса класстан сыртка эч кандай уруксат суроо жок эле чыгып кетишип, шашпай сүйлөшүп келишет экен. Сабак убагында сүйлөшүүгө болбойт деп эскертүү кылсаң: – «А балким мен абдан керектирмин, ата-энем мен үчүн сары санаа болуп жаткандыр»,- деп кайра каяша айтышат. Ал эми акырын айткан сөз булар үчүн жеткиликсиз нерсе болуп калыптыр. Сөзсүз жаман сөздөр менен кыйкырып айтсаң гана аргасыздан ордуна олотурушат. Мындай шартта сабак деле өтүүгө болбой окшойт,- деп кайтышты.

Кыргызстандыктардын 80 пайыздан ашууну мусулманчылык динин тутунушат. Ошол ислам дининде да хадистерде айтылат: Пайгамбарыбыз Мухаммад (САВ) «Эгерде кимдир бирөө туура эмес иш жасап жаткан болсо аны колуң менен токтот. Кол менен токтото албасаңар тилиңер менен токтоткула, ал да колуңардан келбесе жүрөгүңөр менен жаман көргүлө. Бирок бул ыймандын эң начардыгын көрсөтөт» деп айткан эмеспи. Анын сыңарындай улуттук уңгубуздан тайып бара жаткан жаштарыбызды азыр же кол менен токтото албасак же тил менен токтотууга болбосо анда четтен жаман көрүп карап тура беребизби. Ал көрүнүш биздин ыйманыбыздын начарлыгынан экендиги таасын айтылыптыр го.

Күн өткөн сайын биздин сырткы душмандар көрүнбөгөн согуш жүргүзүп, эли-журтубуздун башына маңкурттук ширисин каптоо аракетин көрүп жатканда ата-мекенибиздин ар бир ар намыстуу атуулу руханий жактан мыкты куралданган жоокерге айлануубуз турмуш зарылчылыгына айланды. Андыктан батыштын көрүнгөн программасын ээрчип: «Көкүрөгүн жайдак болсо, көрүнгөнгө айдак болосуң», болбой, өз нугубузду таап, келечек муундарды тарбиялоодо эң кылдат ой жүгүртүүбүз керек.

Жаш жеткинчектерге балдар бакчасынан баштап, улуттук нукта тарбия берүү усулун иштеп чыгуубуз, учкул сөз, накыл кеп, болмуш, уламыштар тууралуу кыскача кызыктуу мультфильмдерди тартуу, ар бир жаш бала сөздү баалай билүүгө бешиктеги кезинен тарбиялашыбыз керек. Ар бир үй бүлөдө, балдар бакчасында, мектепте балдар эне тилибиздин асыл мурастары менен тааныш болуп, анын кунун туя билүүгө тарбилоо иши жолго коюлуусу зарыл. Тилекке каршы учурдагы көпчүлүк кызмат адамдары, илимий интеллегенция союздун каймагын жеп, «экинчи эне тилинин» эмчегин ээмп калгандардан турат. Алар «Ыйманы жоктун ыйыктык менен иши эмне» демекчи коммунистик идеологиянын жемиштери катары төмөнку ырда айтылган:

Динин танган, тилин чанган
Урпактарың жаралды.
Өтмүшү жок, болмушу жок,
Жан дүйнөсу карангы.
Салтын билбейт, наркын билбейт,
Тилин билбейт элинин.
Ошол урпак кайдан сезет,
Ыйыктыгын жеринин деген ырда айтылган кейиптеги атка минерлерибиз азыр айбаттуу күчкө ээ.

Мына ошого карабастан мамлекетибиздеги 2010-жылдын 7-апрелинен кийинки алгылыктуу аракеттерден зор үмүттөнүү менен жаш муундардын сезимине улуттук уюткубузду сиңирип, алмустактан келе жаткан ата салтыбызды сактап калу үчүн эне тилибиз аркылуу кирген дөөлоттөрүбүз аркылуу руханий күл азык берүү менен эртеңки келечегибизге жол улайлы.

***Адабияттар:***
1. Жакыпов К. Кут китеп. – Б., 2011.
2. Жакыпов К. Аян ырлар. – Б., 2006.

## Химияны окутууда окуучулардын активдүү ой жүгүртүү иш аракеттерин өнүктүрүү

***Жакышова Б.Ш.,***

*п.и.к., КББА*

Инсандын эффективдүү өнүгүүсүн жана калыптануусун камсыз кылуу, анын уюштуруучулук иш аракетинин жогорку активдүүлүгүнөн көз каранды болот. Активдүүлүк себептери таанып билүү, эрк, мотиви, эмоциялары менен байланыштуу. Практикада окуучулардын таанып билүүчүлүк кызыгуусуна көбүрөөк көңүл